Ош мамлекеттик университетинин математика жана информациялык технологиялар факультетинин АССТ кафедрасынын

# №1 ПРОТОКОЛУ

05.09.2022

**Төрага:** **Молдояров У.Д.**
**Катчы:** **Токтосун к М.**

***Катышкандар:*** ф.-м.и.к., доцент Молдояров Уларбек Дүйшөбекович, ф-м.и.к., ф-м.и.к., доцент Беделова Нургул Салибаевна, улук окутуучулар Саданов Абдибек Дүйшөбаевич, Ажибекова Айзада Токтогуловна, окутуучу Ойчуева Роза Рахманбердиевна, улук лаборанттар Сүйүнбек уулу Акжол, Полотов Айдар, Сайдакматова Альмаида жана “Информатика жана эсептөө техникасы” программасынын жетекчиси т.и.к., доцент Атырова Рахат Сулаймановна, ф-м.и.к., доцент Чамашев Марат Кахарович -“Саламаттыкты сактоодогу информатика жана биомедициналык инженерия” программасынын жетекчиси, Сарыкова Жумагүл -“Саламаттыкты сактоодогу информатика жана биомедициналык инженерия” программасынын проект жетекчиси.

Каралуучу маселелер:

1. 710100 Информатика жана эсептөө техникасы (бакалавриат) даярдоо багытынын Негизги билим берүү программаларын (НББП) талкуулоо.
2. ОшМУнун 710100 Информатика жана эсептөө техникасы (магистратура) даярдоо багыттарынын Нгизги билим берүү программаларын (НББП) талкуулоо.
3. ОшМУнун 710400 Программалык инженерия даярдоо багытынын Негизги билим берүү программаларын (ПББС) талкуулоо.
4. Саламаттык сактоодогу информатика жана биомедициналык инженерия (бакалавриат) даярдоо багытынын Негизги билим берүү программаларын (НББП) талкуулоо.

**Угулду:** Кафедра башчысы, ф.-м.и.к., доцент У.Д. Молдояров кафедранын мугалимдери менен саламдашып бүгүнкү маселе менен тааныштырды.

**Сөзгө чыкты:** 710100 Информатика жана эсептөө техникасы (бакалавриат) даярдоо багытынын программа жетекчиси: Чамашев Марат 710100 Информатика жана эсептөө техникасы даярдоо багытынын бакалавриат багытынын НББПсы боюнча кеңири маалымат берип өттү. Ал сөзүн баштап, акыркы жылдары IT-технологиялар тездик менен өнүгүп жатканын, бул болсо университеттеги окуу пландарды үзгүлтүксүз жаңыртып турууну талап кыларын белгиледи.

Ал өзүнүн сөзүндө бир катар өзгөртүүлөрү, кошумчалары боюнча айта кетти. Окуу пландын структурасы кайра каралып, теориялык жана практикалык саattардын балансына түзөтүүлөр киргизилген. Өзгөчө 1–2-курстарда студенттердин негизги фундаменталдык билимдерди өздөштүрүүсүнө басым жасалган. Программалоо жаатындагы дисциплиналарга практикалык жана лабораториялык иштердин саны көбөйтүлдү, студент программалоону терең практика аркылуу үйрөнүүсү үчүн. “**Жасалма интеллекттин негиздери**” деген жаңы тандоо курсу киргизилүү менен студенттерге заманбап технологиялар боюнча эрте түшүнүк берүү максаты коюлган. Окуу программасына **иш-аракетке багытталган компетенциялар** кошулуп, студенттин өз алдынча долбоор менен иштөөсүнө басым жасалган.

Агай сөзүнүн соңунда НББП окутуу сапатын жогорулатууга багытталганын, өзгөрүүлөр азыркы IT-индустриянын талабына толук жооп берерин баса белгиледи.

**Чечим:** 710100 Информатика жана эсептөө техникасы (бакалавриат) даярдоо багытынын жаңыланган НББПсы жактырылсын жана факультеттин окуу-усулдук кеңешине сунушталсын.

**2-маселе. 710100 – “Информатика жана эсептөө техникасы” (магистратура) багытынын Негизги билим берүү программасын талкуулоо.**

**Угулду:** 710100 Информатика жана эсептөө техникасы (магистратура) даярдоо багытынын программа жетекчиси Р.Атырова магистратура боюнча сөзүн улантып, бул баскычта студенттерге фундаменталдык билимдерди гана бербестен, илимий-изилдөө иштерине тартуу негизги максат экенин баса белгиледи. Ал төмөнкү өзгөрүүлөрдү билдирди: Кээ бир дисциплиналар кеңейтилгени, замандын талабы боюнча курстары киргизилгени боюнча. Магистранттар үчүн илимий семинарлардын форматы жаңыртылып, отчет, презентация, илимий макала жазуу талаптары күчөтүлгонү боюнча айта кетти.

Марат агай магистратура программасы бүгүнкү күндөгү эл аралык академиялык талаптарга жакындатылганын белгиледи.

**Чечим:**710100 (магистратура) багытынын НББПсы өзгөртүүлөр менен бир добуштан жактырылды.

**3-маселе. 710400 – “Программалык инженерия” багытынын Негизги билим берүү программасын талкуулоо.**

**Угулду:** 710400 Программалык инженерия даярдоо багытынын Молдояров У. сөзүн бул багыттын бүгүнкү күндө IT-индустрияда эң талаптагы багыттардын бири экенин белгилөө менен баштады.

Ал төмөнкү жаңылыктарга токтолду: Программанын структурасы эл аралык стандарттарга (IEEE, ACM Curriculum Standards) ылайык актуалдаштырылган.

Студенттердин практикасына чоң көңүл бөлүнүп, IT-компаниялар менен биргелешкен стажировкалар пландаштырылды. Портфолио-долбоор түзүү боюнча талап күчөтүлдү — студент программаны бүтүргөндө бир нече даяр долбоорго ээ болушу керек.

У. Молдояров Программалык инженерия багытынын НББПсы студенттерди рынокко даяр, заманбап компетенттүү кадр катары чыгарууга багытталганын айтты.

**Чечим:** 710400 багытынын НББПсы өзгөрүүлөрү менен кошо бекитилсин.

**4-маселе. "Саламаттык сактоодогу информатика жана биомедициналык инженерия" багытынын НББПсын талкуулоо.**

**Угуучу: Чамашев М.**

Программа жетекчи Чамашев М. бул багыттын медицина менен ITнин интеграциясына негизделген заманбап адистик экенин баса белгилеп, программаны жаңылоо зарылдыгын түшүндүрүп берди.

Ал айткан негизги өзгөрүүлөр: Окуу планда "Медициналык маалымат системалары", "Биомедициналык жабдуулар жана сенсорлор", "Биосигналдарды иштетүү", "Телемедицина" сыяктуу дисциплиналар жаңыланып, практикалык бөлүктөрү кеңейтилди. Студенттер клиникалык маалымат менен иштөө үчүн электрондук саламаттык сактоо (E-health) платформалары боюнча жаңы модулдарды окушат. Биомедициналык инженерияга тиешелүү лабораториялык иштер күчөтүлүп, ECG, EEG сигналдарын иштетүү, медициналык аппараттардын иштөө принциптерин демонстрациялоо киргизилди. Саламаттык сактоо мекемелери менен биргелешкен практика базалары кеңейтилди. "Медицинадагы жасалма интеллект" курсу кошулуп, диагноз коюуда машиналык үйрөнүү технологияларын колдонуу боюнча негизги түшүнүктөр берилет.

М.Чамашев агай программа заманбап медицинанын санариптешүү багытына толук шайкеш келерин, болочок адистер клиникада жана IT-тармакта бирдей иштей ала турганын белгиледи.

**Чечим:** Программадагы кошумчалар жана жаңылануулар колдоого алынып, НББП толук түрдө бекитилсин.

**Төрага:** **Молдояров У.Д.**
**Катчы:** **Токтосун к М.**